УДК: 101.1
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/3-840-847

**Кочкорова Д.А.**
философия илимдеринин кандидаты
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
dkochkorova@mail.ru
**Арзыматов Дж.С.**
философия илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
arzymatov57@mail.ru

## ФИЛОСОФИЯНЫН АЗЫРКЫ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИНДЕГИ ОРДУ

**Аннотация:** Макалада автор философиялык дисциплиналар боюнча окутуу сааттары кыскарып жаткан Кыргызстандын ЖОЖдорунда философияны окутуунун актуалдуу проблемаларын карайт. Ааламдашуу жана билим берүү стандарттарынын тез өзгөрүү шартында философиянын орду студенттерде сынчыл ой жүгүртүүнү жана баалуулук багыттарын калыптандыруу үчүн маанилүү бойдон калат. Кыргызстанда соңку жылдары окуу планында философиялык дисциплиналарга бөлүнгөн сааттарды кыскартуу тенденциясы байкалууда. Бул аталган дисциплинанын окутуучуларын жана философторду тынчсыздандырат, анткени философия сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрөт, баалуулуктардын принциптерин калыптандырууга салым кошот, бул жоопкерчиликтүү жарандарды тарбиялоо контекстинде өзгөчө маанилүү. Макалада философиялык идеяларды окуу процессине интеграциялоо окуу программаларын байытып, алардын студенттер үчүн маанилүүлүгүн арттыра ала тургандыгы баса белгиленген. Көйгөйдү чечүү жолдору сунушталат.

**Негизги сөздөр:** Философия, философиялык дисциплиналар, инсанга багытталган билим берүү, кесиптик билим берүү, инсандык сапаттар, сынчыл ойлом, баалуулуктар, адеп-ахлак, ааламдашуу, кесиптик компетенттүүлүк.

**Кочкорова Д.А.**
кандидат философских наук
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
dkochkorova@mail.ru
**Арзыматов Дж.С.**
кандидат философских наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
arzymatov57@mail.ru

## МЕСТО ФИЛОСОФИИ В СОВРЕМЕННОМ ОБРАЗОВАТЕЛЬНОМ ПРОЦЕССЕ

**Аннотация:** В статье автор рассматривает актуальные проблемы преподавания философии в вузах Кыргызстана, где наблюдается сокращение учебных часов по

философским дисциплинам. В условиях глобализации и быстрого изменения образовательных стандартов философия остается важной для формирования критического мышления и ценностных ориентиров у студентов. В последние годы в Кыргызстане наблюдается тенденция к уменьшению количества часов, отводимых на изучение философии в учебных планах. Это вызывает обеспокоенность среди преподавателей и философов, так как философия способствует развитию критического мышления, формированию ценностных ориентиров, что особенно важно в контексте воспитания ответственных граждан. В статье подчеркивается, что интеграция философских идей в образовательный процесс может обогатить учебные программы и повысить их значимость для студентов. Предлагаются пути решения данной проблемы.

**Ключевые слова:** Философия, философские дисциплины, личностно-ориентированное образование, профессиональное образование, личностные качества, критическое мышление, ценности, нравственность, глобализация, профессиональная компетентность.

**Kochkorova D.**
candidate of philosophy
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
dkochkorova@mail.ru
**Arzymatov J.**
candidate of philosophy, associate professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
arzymatov57@mail.ru

## THE PLACE OF PHILOSOPHY IN THE MODERN EDUCATIONAL PROCESS

**Annotation:** In the article, the author examines the current problems of teaching philosophy in universities in Kyrgyzstan, where there is a reduction in teaching hours in philosophical disciplines. In the context of globalization and rapid changes in educational standards, philosophy remains important for the formation of critical thinking and value orientations in students. In recent years, Kyrgyzstan has seen a tendency to reduce the number of hours allocated to the study of philosophy in the curriculum. This raises concern among teachers and philosophers, since philosophy contributes to the development of critical thinking, the formation of value orientations, which is especially important in the context of raising responsible citizens. The article emphasizes that the integration of philosophical ideas into the educational process can enrich the curriculum and increase its significance for students. Ways to solve this problem are proposed.

**Keywords:** Philosophy, philosophical disciplines, personality-oriented education, professional education, personal qualities, critical thinking, values, morality, globalization, professional competence.

Азыркы ааламдашуу шарттарында билим берүү жараяны өзүнүн өнүгүүсүндө бир катар тенденцияларды айкалыштырууга аракет кылып жатат: гумандаштыруу, демократиялаштыруу, фундаменталдаштыруу, интеграциялоо, стандартташтыруу ж.б. Алардын баары инсанга багытталган билим берүү менен тарбиялоо максатын көздөгөнү

маалым. Аталган билим берүү багыты эң оболу калыптанып келе жаткан индивиддин инсандык сапаттарын өнүктүрүүгө жана өзүн-өзү өнүктүрүү жөндөмдөрүн бекемдөөгө багытталган. Мындай багыт адамдын интеллектуалдык жактан эле өнүгүшүн эске албастан, анын бүтүндөй инсандык сапаттарынын калыптанышын: жарандык жоопкерчилик сезиминин, эмоционалдык, эстетикалык, чыгармачылык ынтызарлыктары бар руханий инсандыгын өнүктүрүүгө кам көрүүнү да туюндурат. Бул макалада биз философиянын заманбап билим берүү процессиндеги ордун жана ролун кароо менен,  анын студенттердин сынчыл ой жүгүртүүсүн жана адеп-ахлактык баалуулуктарын өнүктүрүүгө тийгизген таасирин, азыркы шартта инсанды калыптандыруу үчүн маанисин талдамакчыбыз.

Философия болмуштун, билимдин жана баалуулуктардын фундаменталдык маселелерин изилдеген дисциплина катары билим берүү процессинде өзгөчө орунду ээлейт. Коомдун, илимдин жана техниканын тез өзгөрүшүнүн шартында философия жалпы дүйнө таанымдын, жашоонун жана адамдын тиричилигинин мааниси жөнүндө терең ой жүгүртүүнүн булагы гана болбостон, студенттердин сынчыл ой жүгүртүүсүн жана аналитикалык көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн маанилүү куралына да айланат.

Заманбап билим берүү системасы ааламдашуу, маалыматтык технологиялар жана социалдык өзгөрүүлөргө байланыштуу кыйынчылыктарга туш келип жаткандыгын баарыбыз аңдап-сезип жатабыз. Бул контекстте философия адамзат туш болгон татаал көйгөйлөрдүн маңызын терең түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

Философиянын коомдун жашоосундагы орду анын пайда болушу, бүткүл өнүгүү тарыхы аркылуу даана көрүнүп турат. Адамзат тарыхынын түрдүү доорлору менен элдеринде философия коомдун өзүн-өзү аңдап билүүсү, коомдук көрүнүштөргө, маданий, экономикалык өзгөрүүлөргө болгон рефлексиясы катары көрүнөт. Ага ылайык философия дүйнөнүн сүрөттөлүшүн түзөт, адамдын андагы ордун аныктайт жана нускамаларды берет. Жаратылышта, коомдо болуп жаткан ар кандай кубулуштар, процесстер ойчулдардын жүрөгү аркылуу өтүп (дүйнөнү сезүү), аларга баа берилип, рационалдык дүйнө тааным калыптанат. Дүйнөнүн сүрөттөлүшү коомдук аң-сезимдин түрдүү формалары аркылуу түрдүү өңүттөрдө чагылдырылышы мүмкүн. Ал эми философиялык ой жүгүртүү аркылуу дүйнөнүн *рационалдык* сүрөттөлүшү түзүлүп,  инсандын өзү жашап турган тарыхый реалдуулугун аңдап сезүүгө, түшүнүүгө жана ага ылайык аракет кылуусуна шарт түзөт.

Философия инсандын калыптанышына олуттуу таасирин тийгизип, өзүн-өзү таанууга жана адеп-ахлактык жактан өсүүгө негиз түзөт. Алгачкы философтордун бири болгон атактуу Сократ өзүн-өзү таануунун маанилүүлүгүн баса белгилеген:  “Өзүн-өзү таанып билүү” аркылуу  адам  ички дүйнөсүн изилдейт жана өз баалуулуктарын түшүнө алат – бул адамдын жашоосундагы негизги зарылдык” [8, 746 б.]. Сократ чыныгы акылмандык адамдын жасаган иштери жана анын кесепеттери жөнүндө ой жүгүртүү аркылуу келет деп ишенген. Бул көз караш бүгүнкү күндө актуалдуу.

Платон “Мамлекет” жана башка эмгектеринде изги сапаттарды өнүктүрүү инсандын толук калыптанышынын негизги өңүтү экенин, философия адамдын идеялар дүйнөсүндөгү өз ордун аңдап, бийик максаттарга умтулуусуна жардам берерин баса белгилеген. Платон мамлекетти башкаруудагы философтордун өзгөчө ордун көрсөтөт: "Философтор мамлекеттерге же башкаруучуларга асыл жана кылдаттык менен философиялоону баштамайынча, адамзат идеалдуу мамлекетке ээ болуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырайт", “Мамлекетти философтор башкаруусу керек” [6, 117 б.]. Ал башкаруу бул жөн гана техникалык процесс эмес, адеп-ахлактык ишмердүүлүк экендигин, башкарууга

философиялык мамиле кылуунун маанилүүлүгүн баса белгилейт. Билим алып жаткан ар бир студент келечектин башкаруучусу катары каралышы абзел, анткени ал өзүнүн кесиптик ишмердүүлүгүндө түрдүү деңгээлдердеги башкаруучу болушу мүмкүн. Келечектин адиси ишмердүүлүк чөйрөсүндө рухий-адеп-ахлактык чоң жоопкерчиликке ээ. Гегель философиянын коомдогу орду жөнүндө мындай дейт: "Философия идеяларды башкарат, ал эми алар дүйнөнү башкарат" [2, 76 б.]. Бул сөз айкашы философиялык идеялар коомдук идеяларды калыптандырып, башкаруу процесстерине таасирин тийгизерин көрсөтүп турат.

К.Поппер туура белгилегендей, "Философиянын негизги милдети болуп Ааламдын түзүлүшү, дүйнөдөгү биздин ордубуз, ошондой эле таанып-билүү мүмкүнчүлүктөрүбүз, жакшылык жана жамандык кылуу жөндөмүбүз жөнүндө сынчыл ой жүгүртүү саналат" [7, 135 б.]. Заманбап контекстте Питер Друкер эффективдүү башкаруу үчүн философиялык билимдин маанилүүлүгүн баса белгилейт: "Менеджмент философиясынын маңызы теориялык билим гана эмес, ошондой эле уюмдун ички жана тышкы чөйрөсүндө чагылдырылган баалуулуктар жана нормалар болот" [3, 221 б.]. Ал башкаруунун философиясы этикалык жана билим элементтерин, стереотиптерди жана башкаруу нормаларын аныктоого жардам берерин белгилөө менен, келечектеги адистин философиялык билим алуусунун маанилүүлүгүнө көңүл бурат. Философиянын адам жашоосундагы мааниси жөнүндөгү улуу философтордун ойлору азыркы коомдо актуалдуу бойдон калууда. Философиялык билим тез өзгөрүп жаткан дүйнөдө гармониялуу инсанды калыптандыруунун жана эффективдүү башкаруунун маанилүү элементи экендиги талашсыз. "Инсанды татаал субъект катары түшүнүүгө негизделген, чындап анын ар тараптуу өнүгүүсүн көздөгөн билим берүү өзүнүн мазмунунда андагы индивидуалдуулукту (жеке каалоолору, элестөөлөрү, кызыкчылыктары, жөндөмдөрү), жалпы адамзаттык баалуулуктарды (кызыкчылыктарды) жана улуттук өзгөчөлүктөрдү айкалыштырат" [4, 432 б.].

Философия инсандын калыптанышында негизги ролду ойногондугуна карабастан, акыркы убактарда кесиптик орто, жогорку билим берүү мекемелеринде философиялык дисциплиналарга бөлүнгөн саат көлөмү азайып бара жатат. Бул көйгөй бүгүн эле пайда болгон жок, коомдогу тигил же баалуулуктардын алмашуусу дайыма философияга кайрылууну, же тескерисинче аны четке кагууга болгон аракетти жаратары тарыхтан белгилүү.

Азыркы мезгилде да билим берүү системасындагы кесипке карай багыт алуу келечектеги адистерди даярдоодо кесиптик компетенцияларын калыптоого басым жасоо аркылуу ишке ашып жатат. Албетте мындай иш-аракет келечектеги адистин иш орду менен камсыз болуусунда жакшы натыйжа алып келери талашсыз. Бирок кесипке багыттоого көбүрөөк ыктоо философиялык жана башка гуманитардык дисциплиналар аркылуу түптөлө турган келечектеги адистин инсандык сапаттарынын калыптанышына чоң кедергисин тийгизиши белгилүү. Кесиптик компетенттүүлүктү өнүктүрүүгө багытталган заманбап билим берүүнүн шарттарында философиялык дисциплиналарга бөлүнгөн сааттарды кыскартуу тенденциясы бир нече факторлор менен шартталган:

*Билим берүү программаларынын практикага багыт алышы:* ЖОЖдор атайын кесиптик милдеттерди аткарууга максималдуу даяр болгон адистерди чыгарууга умтулушат, бул гуманитардык илимдерге зыян келтире турган адистик предметтерге басымдын көбөйүшүнө алып келет.

*Экономикалык факторлор:* Гуманитардык дисциплиналарды кыскартуу көбүнчө эмгек рыногунун талаптары менен байланышкан, бул көбүнчө жогорку адистештирилген адистерге суроо-талапты жаратат.

*Административдик чечимдер:* Убакыттын жана ресурстардын чектелгендигине байланыштуу окуу планы студенттердин кесиптик чеберчилигине түздөн-түз таасир этүүчү предметтерге артыкчылык берет, бул дагы философиялык сааттардын кыскарышына алып келет.

Бирок, философияны окуу процессинен четтетүү студенттердин жалпы билим деңгээлинин жана сынчыл ой жүгүртүүсүнүн төмөндөшүнө алып келиши мүмкүн экенин эске алуу керек, бул акыр аягында алардын өздөрүнүн кесиптик ишмердүүлүгүндө рационалдуу жана этикалык жактан негизделген чечимдерди кабыл алуу жөндөмүнө терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Андыктан билим берүү ар тараптуу болуп, студенттердин кесиптик гана эмес, жеке сапаттарын да өнүктүрүүсү үчүн кесиптик жана гуманитардык дисциплиналардын ортосундагы тең салмактуулукту табуу маанилүү.

Философиялык дисциплиналарды окутууга байланышкан көйгөйлөр постсоветтик өлкөлөрдө жалпы жонунан бирдей эле. Ал эми АКШ, Улуу Британия, Германия жана Япония сыяктуу алдыңкы өлкөлөрдө философияны окутуу билим берүү системаларында маанилүү ролду ойноону улантууда. Бул өлкөлөрдө философия көбүнчө гуманитардык билим берүүнүн бир бөлүгү катары окуу пландарына киргизилип, студенттерге сынчыл ой жүгүртүүнү, аналитикалык көндүмдөрдү жана этикалык аң-сезимди өнүктүрүүгө жардам берет. Мисалы, Америка Кошмо Штаттарында философия университеттерде жана колледждерде өзүнчө предмет катары окутулат, ошондой эле психология, саясат таануу жана укук сыяктуу башка дисциплиналар менен интеграцияланган. Улуу Британияда философия университеттик билим берүүнүн маанилүү бөлүгү болуп саналат, философиянын ар кандай багыттары боюнча адистешкен көптөгөн программалар жана изилдөө борборлору бар [1, 49 б.].

Германияда философия салттуу түрдө билим берүү системасында маанилүү орунду ээлеп келген жана көптөгөн университеттер философия боюнча курстардын кеңири спектрин сунушташат. Япония да философияны окутууну, өзгөчө жогорку окуу жайларында, философиялык изилдөөлөр башка гуманитардык жана коомдук илимдер менен интеграцияланганда активдүү өнүгүп жатат [9, 4 б.].

Философиялык дисциплиналардын азыркы билим берүүдөгү ордун жана ага ылайык көрүлүүчү иш чараларды аныктоо бул дисциплиналардан сабак берген окутуучулардын, кафедралардын, жалпы эле философияга кайдыгер карабаган инсандардын көңүлүнүн борборунда туруусу керек.

Жогорку окуу жайларында философиялык дисциплиналарды окутуунун актуалдуу көйгөйлөрүн, билим берүүдөгү заманбап тенденцияларды жана студенттердин сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү зарылдыгын эске алуу менен, адамдын руханий өсүүсү, өз ара урматтоо жана түшүнүшүү, эл аралык тынчтыкты орнотуу, караңгылыктын, улутчулдуктун, ырайымсыздыктын алдын алуу, зомбулукту орнотууга багытталган аракеттерди ачыктоо, моралдык идеяларды жайылтуу, тилектештик сыяктуу маселелерди чечүүдө философиянын зор мааниси бар экендигин баса белгилеп, азыркы кезде бул маселе Кыргызстанда абдан актуалдуулугун эске алып, төмөндөгү сунуштарды билдиребиз:

- ЖОЖдордун мамлекеттик билим берүү стандарттарын жана окуу пландарын иштеп чыгууда философиялык дисциплиналардын инсанга багытталган окутуу процессиндеги ордуна өзгөчө маани берүү жана аларды түзүүдө философиялык дисциплиналар боюнча кафедраларды тартуу зарыл;
- Философия тармагында адистерди даярдоонун колдонуудагы стандарттарына деталдуу талдоо жүргүзүү жана аларды ЖОЖдордогу иш жүзүндөгү практика менен салыштыруу

зарыл. Бул бизге карама-каршылыктарды аныктоого жана билим берүү программаларын жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгууга мүмкүндүк берет;

-“Философия” дисциплинасына акыркы мезгилдерде кошкөңүл мамиле улам өрчүп келе жаткандыгына жана кредит сааттардын жылдан жылга кыскарышына тынчсыздануу менен, философиялык дисциплиналарга көбүрөөк саат көлөмүн бөлүү азыркы инсанга багытталган, гуманисттик баалуулуктарга негизделген окутуу процессинде зарылдык болуп эсептелет. Ошондуктан, “Философия” (“Философиянын негиздери”) курсуна 4 кредиттен кем эмес саат көлөмүн бекитүү жана статусуна карабастан бардык жогорку окуу жайларына аталган курсту милдеттүү дисциплина катары киргизүү максатка ылайык (бир катар өзгөчө статус алган жогорку окуу жайларында “Философия” курсу тандоо курсуна өтүп калган).

- Философия боюнча студенттердин кызыкчылыктарына жана алардын адистиктерине багытталган тандоо курстарын сунуштоо бул дисциплиналардын эффективдүүлүгүн арттыра алат. Ошондой эле Кыргызстандыктардын жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруу максатында "Кыргыз жараны" концепциясын ишке ашыруу үчүн “Кыргыз жараны”, “Кыргыздардын руханий-адептик маданиятынын негиздери”, “Кыргыз дүйнө таанымы”, дүйнөлүк философиянын алкагында “Адам таануу”, “Философиялык антропология” ж.б. ушул сыяктуу элективдик курстарды киргизүүнү колдоо зарыл.

- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы №1 “Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө” Жарлыгынын токтомунун 2-пунктунда көрсөтмө берилет: “билим берүүнүн окуу стандарттарын кайра карап чыксын жана окуучуларды жана окуу жайларынын студенттерине этика, эстетика жана дене тарбиясы боюнча предметтерди киргизсин” [5]. Муну эске алып, “Этика” дисциплинасын мамлекеттик стандартка киргизүү Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине сунушталат.

- Философиялык дисциплиналарды билимдин башка тармактарына интеграциялоо мүмкүнчүлүгүн кароо сунушталат, бул максатта дисциплиналар аралык курстарды иштеп чыгып, практикалоо зарылдыгы белгиленет.

- Философиялык дисциплиналардын мазмуну студенттердин кесиптик жана инсандык компетенцияларын калыптоого багытталып, технология этикасы, экология жана социалдык адилеттүүлүк сыяктуу заманбап маселелерге жана чакырыктарга басым жасоо менен кайра каралышы керек.

- Окутуучулар үчүн усулдук сунуштарды, анын ичинде талкуулар, диспуттар жана долбоор иштери сыяктуу окутуунун активдүү ыкмаларын иштеп чыгуу сунушталат.

- Классикалык философиялык тексттерди изилдөө салтын сактоо сунушталат, бирок аларды заманбап реалдуулукка ылайыкташтыруу зарыл.

- Философия жана чектеш илимдер тармагындагы акыркы жетишкендиктерди эске алуу менен жаңы окуу куралдарын жана маалымдама материалдарды түзүп, жайылтуу сунушталат.

- Окутуучу-профессордук курамдын административдик жүгүн азайтуу алардын окуунун сапатына жана илимий ишмердүүлүгүнө көңүл бурууга мүмкүндүк берет. Бул иш кагаздарын жана уюштуруу иштерин кыскартууну камтыйт.

- Тажрыйба алмашуу жана биргелешкен илимий иш-чаралар үчүн түрдүү университеттердин философия кафедраларынын ортосундагы кызматташтыкты чыңдоо зарыл.

- Философиянын таасирин кеңейтүү: Мектептерде философияны окутуунун программаларын иштеп чыгуу, ошондой эле кеңири аудитория үчүн ачык лекцияларды жана семинарларды уюштуруу зарыл.
- Практикалык колдонуу: Долбоорлор жана демилгелер аркылуу студенттерге философиялык билимдерди күнүмдүк жашоодо практикалык колдонууну көрсөтүү маанилүү.
- Айтылган сунуштардын негизинде “Философия” предметинин максаттары жана маселелери боюнча жалпы республикалык методикалык жана методологиялык кеңешме өткөрүү зарылдыгы келип чыгат.

Биздин оюбузча жогоруда биз белгилеген иш-чаралар ЖОЖдордо философиялык дисциплиналарды окутууну жакшыртуу боюнча мындан аркы аракеттердин негизи боло алат деген ойдобуз. Жогоруда көрүлүү зарыл деп эсептелген иш чаралардын максаты – келечектеги адистин жеке инсандык сапаттарынын калыптанышын камсыздоо болуп эсептелет.

Философия адамдын ой жүгүртүүсүнүн жана жүрүм-турумунун негизи катары келечектеги бардык адистердин жеке сапаттарын калыптандырууда негизги ролду ойнойт. Ал заманбап дүйнөдө ийгиликтүү кесиптик практика үчүн зарыл болгон теориялык базаны жана практикалык куралдарды берет. Философиялык концепцияларды изилдөө ар кандай тармакта негизделген жана жоопкерчиликтүү чечимдерди кабыл алуу үчүн зарыл болгон сынчыл ой жүгүртүүнү, этикалык жетекчиликти жана өзүн-өзү чагылдыруу жөндөмүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

Философия адистерге алардын баалуулуктарын жана адеп-ахлактык принциптерин түшүнүүгө мүмкүндүк берген бүтүндөй дүйнө көз карашын калыптандырууга жардам берет. Бул сапаттар ааламдашуу жана технологиялык өтө тез өзгөрүүлөр чөйрөсүндө багыт алуу үчүн өзгөчө маанилүү, анткени мындай кырдаалда келечектеги адистер татаал этикалык дилеммаларга жана социалдык көйгөйлөргө туш болушу мүмкүн. Жакшылык, адилеттүүлүк жана жоопкерчилик жөнүндөгү философиялык идеяларды түшүнүү менен аракеттенүү гумандуу жана адилеттүү коомду түзүүгө өбөлгө түзөт. Мындан тышкары, философия сынчыл талдоо жана аргументация көндүмдөрүн өнүктүрөт, бул келечек ээлерине көйгөйлөрдү натыйжалуу чечүүгө жана негизделген чечимдерди кабыл алууга мүмкүндүк берет. Бул жөндөмдөр башкаруу чөйрөсүндө гана эмес, илим, билим берүү, саламаттыкты сактоо сыяктуу башка бардык тармактарда да зарыл. Философиялык билим конструктивдүү диалогго жана коомдук активдүүлүккө жөндөмдүү жарандарды калыптайт.

Ошентип, келечектеги адистердин билим берүү программаларына философиялык идеяларды киргизүү маанилүү милдет болуп калат. Бул алардын кесиптик чеберчилигин гана байытпастан, өзгөрүүлөргө адаптация болууга жана коомдун турмушуна активдүү катышууга жөндөмдүү, гармониялуу инсандын калыптанышына өбөлгө түзөт.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Брызгалина Е.В., Курбанов А.Р., Сунгатулина Е.К. Институционализация философии образования в пространстве философской мысли XXI века [Текст]: Вестник Московского университета. Сер. 7. Философия. – 2012. № 1. – С. 41-59.
2. Гегель Г.Ф. Феноменология духа. Спб.: Наука, 1999. – 495 с.
3. Друкер П. Задачи менеджмента в XXI в. Москва: Вильямс. – 2006. – 299 с.
4. Кочкорова Д.А. Билим берүүдөгү жалпы адамзаттык, улуттук жана индивидуалдуулуктун катнашы // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2022. - №4. – 428-433 б.

5. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы №1 “Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө” Жарлыгынын токтому. https://cbd.minjust.gov.kg/430336/edition/1038322/kg
6. Платон. Государство // Собрание сочинений : в 4 т. / пер. с др.-греч. А. Н. Егунова; под. общ. редакцией А. Ф. Лосева, В. Ф. Асмуса, А. А., 2-е изд., перераб. и доп. – М.: Мысль, 1994. – Т. 3. – 435 с.
7. Поппер К. Какой мне видится философия // Путь в философию. Антология. – М.: ПЕР СЭ; СПб.: Университетская книга, 2001. – 294 с.
8. Солопова М. А. Античная философия: Энциклопедический словарь. – М.: Прогресс-Традиция, 2008. – 896 с.
9. Черногорцева Г.В., Нехамкин В.А. Диалогичность философского знания и возможность преподавания философии. Гуманитарный вестник, 2020, вып. 1. http://dx.doi.org/10.18698/2306-8477-2020-1-642

**Рецензент: философия илимдеринин доктору, профессордун м.а. Сариева К.**